3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Ред.: Э. Абдулдаев., Д. Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1969.
4. К. Карасаев. Накыл сөздөр. –Фрунзе: Кыргызстан, 1982. -367 б.
5. Мамытов Ж. Көркөм чыгарманын тили. –Фрунзе: Мектеп, 1990. -121 б.
6. Ибрагимов С. Лингво-этнокультурология – тилдик маданият таануу.-Бишкек: КМПУ, 2000.-118 б.
7. Өмүралиева А. Кыргыз макалдарынын тексттик табияты. (Тексттик этнолингвистикалык аспект) Канд.дисс.автореф. – Бишкек: 2008. –19 б.
8. Усубалиев Б. Кыргыз филологиясы жана филологдору. – Бишкек: 2007. 207.

**Рецензент: к.ф.н., доц. Джумалиева Г.Э.**

УДК 81-11(575.2) (04)

**Жунушалиева Г. Ж.**
КР УИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун ага илимий кызматкери

## САНДАРДЫН УЛУТТУК ИДЕЯЛОГИЯДАГЫ МААНИСИ

*Берилген макаланын максаты катары улуттук маданияттын өзгөчөлүктөрү жөнүндөгү маалыматты сандык мааниде берүү каралат.*

**Ачкыч сөздөр**: *сан, сандык маани, сандар символу.*

**Жунушалиева Г.Ж.**
Старший научный сотрудник Института языка и литературы им. Ч. Айтматова при НАН КР

## ЗНАЧЕНИЕ ЧИСЕЛ В НАЦИОНАЛЬНОЙ ИДЕОЛОГИИ

*Целью данной статьи является рассмотрение значении числительных, которые заключают в себе информацию об особенностях национальных культур.*

**Ключевые слова:** *число, значение чисел, символика чисел.*

**Zhunushalieva G.Zh.**
Senior Researcher of the Institute of Language and Literature them. Ch. Aitmatov at the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic

## THE MEANING OF NUMERALS IN THE NATIONAL IDEOLOGY

*The purpose of this article is to consider the value of numerals, which contain the information about the features of national cultures.*

**Keywords:** *number, value of numbers, symbols of numbers.*

Ар бир улуттун тили өзүнө гана тиешелүү башка тилдерден өзгөчөлөнгөн айырмачылыгы бар. Кыргыз тили өзүнүн тарыхый эволюциясында, ички динамиканын негизинде түрк тилдеринен бир аз айырмаланып, өзгөчөлүгү менен азыркы учурга жетти. Улуттук тилибиздин нечен доорлорду басып өтүп, канча диалект менен говорлорго бөлүнүүнүн натыйжасында жеткен азыркы абалы - өзүнүн ички система-структурасын, тилдик ажырагыс бiримдигин, уюшкандыгын сактап келет. Ушул сыяктуу ар бир коом өзүнүн наркына ылайык улуттук идеяны кийинки муундарга берип отуруп, адамзат жашоосу, илими, идеясы ж.б. улана берет.

Кыргызстан өз эгемендүүлүгүн алган жаңы доор мезгилинде илим дүйнөсү чоң өзгөрүүлөргө тушугууда. Биздин алдыга койгон максатыбыз – кыргыз улутубуздун жашоо шартында, улуттук маданиятыбызда колдонулган сандардын идеясын чечмелөө маселеси

экендигин белгилемекчибиз. Сан түшүнүгүнүн коомубузга кызмат кылуудагы агартуучулук мааниси, илимий-практикалык тажрыйбалары Пифагор сыяктуу алп окумуштуу мистик-математиктер аркылуу кылымдар бою дүйнөнүн ар кайсы тараптарында сыналып, адамзат цивилизациясынын алга жылуусуна кызмат кылып келүүдө. Сандар - психология, философия, медицина, дин, адабият, искусство, живопись, музыка, экономика, стратегия, саясат, армия, коргонуу, коопсуздук (мамлекеттик атайын жашыруун тапшырмаларды аткарган чалгын кызматтарында) ж.б. бардык чөйрөдөгү тармактардын өнүгүшүндө бараандуу салымын кошуп жатат.

Сандарды билүүнүн, маанисин түшүнүүнүн, иликтөөнүн эмне зарылчылыгы бар демекчисиз. Эң алгач наристеге эс кирип, дүнүйөгө баам сала баштагандан тартып, негедир алгач эсепти үйрөнөт. Анткени жашообуздун жазылбаган алгачкы суроо-талабы ошондой. Андыктан сан түшүнүгү инсандардын жашоосунда өтө чоң роль ойнойт. Ал адамдардын турмушунда ар күнү колдонулуп келе жаткан мүнөт, саат, күн, ай, жыл же сатып алуу, сатуу, биз колдонуп жаткан технологиялар ж.б. бардыгында сан бар экенин тастыктап турат. Анын сыңарындай сансыз эч кандай техника жок. Бизди курчап турган айлана-чөйрөнүн бардыгында сан илими камтылган, атүгүл өзүбүздө да бар (*бир баш, эки көз, эки кол, он эки мүчө, алты сан* ж.б.) Ошондуктан биз сандарды билип, алардын маанисин түшүнүп, үйрөнүүбүз зарыл. Адам баласы туулган күндөн баштап сандар менен аралашып жашайт. Туулган күнү, айы, жылы ар бир адамдын мүнөзүн, жашоодогу аткара турган кызматын көрсөтүп турат. Ар бир сандын өзүнүн энергиясы, вибрациясы, толкуну бар. Жада калса өздүк документтердеги сандар да ээсине жөн эле туш болбойт. Ал сандар адамдын мүнөзүнө, жандүйнө тазалыгына карата, ошол адамдын өмүрүн коштоп жүрөт. "Кокустук кокусунан жаралбайт" демекчи өмүрүбүздү коштоп жүргөн сандар да кокусунан эместигин сезе билүүбүз зарыл. Бардык адам өзүнүн ички энергиясынын сапатына жараша сандарды тартат жана ошол сандар ал адамдын кандай экенинен кабар берет.

Санга көңүл буруунун ар кандай себептери келип чыгат. Эзелтен эле кыргыз элинде санчы сынчы деген түшүнүк бар болгон. Санчы сынчы көргөнүн тартынбай айткан, айтканы айткандай келген өтө кыраакы, баамчы киши өз доорунун психологу болгон десек жаңылышпайбыз. Сансыз сынчы элдик санжырада, аңыз сөздөрдө гана айтылып, ал жөнүндө так маалымат сакталып калбаган. Эл анын атынан айтпай "оболу машаяк", олуя, аксакал, карыя деп чакырышкан. Анын айткандары аңыз сөзгө айланып, азыр да эл ичинде айтылып келет. Айтылган ойлорубузду бекемдөө максатында кыргыз улутубуздун кылымдан-кылымга, мезгилден-мезгилге, муундан-муунга өтүп келаткан мааниси терең делген айрым сандарды чечмелеп, берген идеяларына саресеп салып көрүүнү туура көрдүк.

**Жети** саны. "Жетинин бири кыдыр" деген накыл сөздүн таасири абдан терең экендигин билебиз. Элибизде, жетинчи айдын, жетинчи күнүндө баш кошкондор же жетинчи кабаттан үй алгандар, унаасына катарлаш жети санындагы номерлерди ыйгарып алгандар ж.б. бул санды ыйык тутаарын айгинелеп турат. Дегеле, кыргыз баласынын ар биринин оозунда турган сан, бул санды кандай учур болбосун төлгө катары карап келишкен. Алсак, жаман түш көргөндө, алыс жолго чыгаарда, үй бүлөөдө бирөө ооруп калганда жети тыйынды садага катары төрт айрылыш жолго таштап, ошол жети тыйын менен жамандык оошуп кетсин дегендей ырымдарды жасап келишкен. Ошону менен катар эле бирөө жети тыйын берсе алышкан эмес. Жети нан көтөрүп дагы жамандык-жакшылыкта башка үйгө кирген эмес. Деген менен "жети" санын көпчүлүк учурларда ак жолтой сан катары дагы кабылдашкан. Эгерде үйгө жети киши конокко келип калса "Жетинин бири кыдыр" деп абдан сүйүнүп тосуп алышкан. Бүгүнкү күндө да биз жогоруда айткандай бул санды ак жолтой сан катары карагандар абдан көп экендигине ынандык. Айталы, жети кабат болуп тургузулган Ак үйдүн так жетинчи кабатында президенттин иш бөлмөсү жайгашкандыгы сыяктуу түшүнүктөрдү айтылып жүрөт. Ал эми жети санынын этимологиясына көңүл бурсак, мистикага, философиялык ой толгоолорго, динге тартып тургандай:

*Аттан түшкөн жети дөө*

*Жети дөө кандай эр экен*
*Жетөөнү бирдей кулаткан,*
*Алмамбет кандай шер экен* (М. 4т. 109-б. 7715).

Ошондой эле жети саны менен Манастын жети осуяты белгиленген. Кыргыз элинин көөнө маданиятынын туу чокусунда турган “МАНАС” эпосунун улуулугун даңазалаган бул эреже баардык элибиздин рухуна сиңип, сыймыктануу менен айтылат. Элибизде, ааламдын жети кабаты, жердин жети катар асты, баардык бар нерсенин тагдырын жети кудай чечет, жети атаңды таанy, жети өлчөп бир кес, жети өмүрү жерге кирүү, жети түндө, адам каза болгондо жети күндү (жетилигин) белгилейт деген сыяктуу түшүнүктөр орун алып келет. Мисалы: “жетилик” – кыргыздардын маркумга карата жасалган ырымдарынын бири. Жети күн өткөндө аны эскерип, куран окутуу жөрөлгөсү. *Угузганынан **жети** күн өтүп, жетилигин берген соң , эл уруксат этти: жыл маалы аза тутсак да аз болор, арга канча, арты кайрылуу болсун дешти* (Ч. А. Саманчынын жолу 296-б).

Элдик эсептөөдө “Октябрь айын”- “жетинин айы” деп кыргызча аташат. Ал эми бир аптада жети күндүн бар экендиги өзүнчө сөз кыла турган чоң тема... Кыргыз Республикабызда жети областы бар экендиги да жөн эле эмес чыгар.

Жогоруда айтылгандардан улам кыргыз элинин жашоо шартында бул сан интуициялардын жана коркунучсуз жашоого умтулуунун белгиси катары эсептелери тууралуу жыйынтык чыгарсак болот. Жети санын кыргыз улутубуз күнү бүгүнкүдөй сырдуу түшүнүп, сандын аталышы менен берилген идеяны кабыл алып келишет. Кыргыз улутунун маданияты миңдеген жылдардан бери өсүп келе жатат жана жети сыяктуу сандар да кылымдан-кылымга маанисин жоготпой кийинки муунга өтө бермекчи.

Ар бир сандын өз мааниси бар, “**тогуз**” санынын символикасы эмнелер менен байланышта? Тогуз бирдик сандардын чокусунда турат. Кандайдыр бир циклдин аякташы жана трансформациянын белгиси. Тогуз жолдун тоому, тогуз коргоол, тогуз мал, тогуз толгоо, тогуз токоч сыяктуу маанилер менен бирге айтылат. Кыргыз эли байыртан мал менен алек болгон көчмөн калк болгон. Тогуз мал – малдын тогуз түрү же сан эсеби. Сыйлыкка, айыпка, калыңга, байгеге берилүүчү малдын бирдик эсеби. Бир тогуздан тартып, эки тогуз, үч тогуз болуп жогорулай берет. Тогуз малдын бир нече түрү бар:
1) ар бир малдын түрүнөн кошуп, жалпы санын тогузга жеткирүү;
2) бир эле малдын түрүнөн кошуп тогузду берүү;
3) белгилүү (күлүк ат,чоң жорго ж.б.) бир мал же кара малдын бири (төө, бээ) баштаган тогуз мал (*төө баштаган бир тогуз, бээ баштаган бир тогуз*) берүү. Тогуздап мал салуунун, берүүнүн жогорку токтогон чеги тогуз. Андан ашканда малдын саны жөн эле аталат (*жүз жылкы, беш жүз кой* ж.б.).

*Тогуз кары бээ болсун*
*Токсон кары кой болсун.*

Ошондой эле тогуз саны менен байланышкан көчмөн улутубуздун көчүп конуу тиричилигиндеги интелектин мүнөздөгөн тогуз коргоол оюнун айтсак болот. **Тогуз коргоол** – кыргыз элинин байыртан бери келе жаткан көөнөрбөс эстелиги, акыл-ой байлыгынын казынасы, көчмөн турмуштун, жоокердик мамилелердин сырдуу түйүнү жана көпчүлүктүн черин жазып эрмектөөчү ортолук оюну болгон. Бул кыргыз элинин дүйнө таанымы өткөн көчмөн цивилизацияда эле маданий баалуулуктарга ээ экендигин билдирип турат.

Баарыбызга белгилүү болгондой, кыргыз элинде “**кырк**” санынын өзгөчө маанилери бар. Алсак, өлкөбүздүн мамлекеттик туусу чымкый кызыл кездемеден жасалып, анын ортосуна кырк нуру тегиз чачыраган алтын түспөл күндүн, анын борборунда кыргыз боз үйүнүн кызыл түстөгү түндүгүнүн элеси түшүрүлгөн. Туудагы кырк нурун тегиз чачыраткан Күндүн символу – жарык жашоону, чексиз айкөлдүктү жана түбөлүктүүлүктү туюнтат.

Кырк саны кыргыздар үчүн касиеттүү сан болуп эсептелери ошондой эле чилде түшкөндө жердин кырк мууну бошоп, чилденин ысыгында кырк күн жер ааламы ысыктын кырк муунун соруп алат, кыштын суугунда күн ааламы өзүн камсыздоо үчүн кырк муунун

күн менен азыктандырат, жер соруп алган ысык менен жердин ички дүйнөсү азыктанат. Ошол убакта мөңгүдөгү карлар эрип, чилде ысык деген ушундан калган. Демек, чилденин да, саратандын да кырк күнү бар, күндүн нуру жер ааламына кырк күн тийип, аптабын берип турат.

“Кыргыз элинин аяны түш, баяны жомок” сыңары кырк саны төмөндөгүдөй маанилер менен да байланышат. Кырк ууру кыргыз, кырк нөөкөр (кыз), жаңы төрөлгөн наристенин төрөлгөнүнө кырк күн болгондо кыркын чыгаруу, кыркылыгы же кырк ашы өлгөн адам коюлгандан кырк күн өткөндө маркумду эскерип эл чакырып, даам, тамак-аш берип, куран окутуу ж.б. көптөгөн мааниде колдонулат.

*Кырк күн куран окутуп*
*Кылмак болду кырк ашын*
*Кырдагы кыргыз тукумун*
*Жыйып, жыйнап эл башын* (Манас)

Кырк чилтен – Кырк адам, кырк колдоочу маанисиндеги мифологиялык түшүнүк. Адамдардын көзүнө көрүнбөгөн, сүйгөн кишилерин колдоп, жакшылык кылуучу касиеттүү дух. Кыргыздарда булар “кырк колдоочу”, “кырк касиеттүү”, “сыйкырдуу олуя” деген түшүнүк менен ажырагыс байланышкан. Кырк чилтен Орто-Азия элдеринде эзелтен келе жаткан ишеним. Чилтендердин түпкү теги кыргыздардын тотемдик түшүнүктөрү (бөрү, жолборс, илбирс, карышкыр, ажыдаар, алп кара куш ж.б.) менен байланышып турса да, эпосто Манас баатырды кыйынчылыкта колдоочу башка касиеттүү күчтөрдүн катарында берилет.

*Кайып эрен кырк чилтен,*
*Канкор эрдин жолдошу.*
*Кырк чилтендин бирөөбү,*
*Ажыдаар болуп сүйлөшүп,*
*Кабылан бири, бири шер,*
*Бири миңге тийген эр* (М. 4т. 198-б. 14168).

Кырк чоро – кырк жоокер. Мифологиялык каармандардан айырмаланып, чыныгы кырк жоокердин Манастын жанында көзгө көрүнүп, чыныгы дүйнөдө жашашы. Кырк үйлүү кыргыз Алтайга айдалат. Кырк бээ союп бата ал дейт, сүйүнчүгө кырк киши кетет. Баатырдык эпостордогу кырк чоро атайын тандалган ар тараптуу күч десе күчкө толгон, акыл десе акылга бай, жетик чоролор.

*Атаганат, кырк чоро,*
*Кыркың кырк жерден келген шер элең,*
*Кыраан Манас көк жалдан*
*Кайсы бириң кем элең?*
*Кырк чоро тирүү болгондо*
*Кыйналбайм деп душмандан*
*Медер кылган мен элем* (М. 4т. 190-б. 13600).

Жалпысынан алганда, кыргыз журтубуз сыйкырдуу сандар аркылуу кандайдыр бир укмуштуу нерселерди кабылдайт. Ар бир сандын оң жана терс таасир бериши адамдын ички энергиясына байланыштуу болот жана сандар улутубуздун жашоосу уланган сайын жаңы өмүрүн сүрүп ар бир доордо өз идеясын берип, өз ордун таба бермекчи. «Азыркы жаңылардын баары - унутулган эскилер» демекчи, ата мурастарыбызды кемитпей, бүгүнкү кирип келген үчүнчү миң жылдыктын талаптарын байкап, мезгилге үндөшө алдыга жылып, сырткы факторлордун адаштырган талкалоочу кыймылдарына абай салып, өзөктүү ички жолубузга дың бузсак, эртеңки келе турган жаңы муундун алдында улутубуздун жүзү жарык болор. Кыргыз улуту жана кыргыз тили өзүнө таандык болгон адабий, маданий, тарыхый, рухий жана тилдик мурастары менен жашап, аларды улап, өркүндөтүп, толуктап келе жаткан, татаал жолду басып өткөн калктардын катарында. Албетте, кыргыз коомчулугун ойлондурган улуттук идеология маселеси бул замандын агымы десек жаңылышпасак керек.

Ошол сыңары, улуттук идеология да турмуштун мыйзамы жана элдин арасында жүргөн нерсе болуу менен бирге, ал өлкөнүн мамлекеттүүлүгү, эгемендүүлүгү жана келечеги жөнүндөгү эң башкы маселелерден. Ал эми сан түшүнүгү – улутубуздун ар бир мүчөсү менен бирге түбөлүккө улана берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Александров А. И. Дата рождения ключ к пониманию человека. М., 2006.
2. Александров А. И. Большая книга нумерологии. Цифровой анализ. М., 2016.
Древнетюркский словарь. Л., 1969.
3. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Бишкек, 2010.
4. “Манас” Сагымбай энциклопедиясы. Бишкек, 2015.
5. Сейдакматов. К. Кыргыз элинин календардык түшүнүгү. Фрунзе, 1987.
6. Чечейбаева Н. Ө. Кыргыз тилиндеги сан атоочтор. Фрунзе, 1978.
7. Юдахин К. К. Киргизско-русский словарь. М., 1965.

**Рецензент: филол. и. к. Жумалиева Г.Э.**

УДК 800.87 (575.2) (04)

**Калиева К., Таштанбаева А.**
филол.и.к., Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин профессору,
Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин аспиранты

## АМЕРИКА МЕНЕН КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДА АЯЛ ЗАТЫНЫН ОРДУ

*Бул макалада акын киши деле элестете алабыз аялдын сулуулугун жана фантастикалык ийгилик сүрөттөлүп жаткан ырында аял "Феноменалдуу аял" (1978) Майя Анжелу, образын ачууга арналган. Изилдөө аялдын сулуулугу маанилүү ыкма аялдар менен аялдын образы талдоо, анын ичинде каймана тил аркылуу сүрөттөлүп, кандай сүрөттөө үчүн салыштырмалуу жана мазмун-сапаттык ыкмалар менен камсыз кылат. Бул макалада ошондой эле адабий поэма поэмасы "Аял" Yipary КРда талдоо аялдардын маселелери боюнча акындардын көз караштарына окшоштук жана маанилүү келишпестиктерди талкуулоо үчүн камтыйт.*

**Ачкыч сөздөр***: Майя Анжелу, кереметтүү аял, америкалык коом, феминистердин сын мамилеси, Жыпара Исабаева, кыргыз аялдары.*

**Калиева К., Таштанбаева А.**
к.филол.н., профессор Кыргызско-Турецкий университет “Манас”,
Аспирант Кыргызско-Турецкий университет “Манас”

## ПРЕДСТАВЛЕНИЕ ЖЕНЩИН В АМЕРИКАНСКОЙ И КЫРГЫЗСКОЙ ПОЭЗИИ

*Настоящая статья призвана открыть образ женщины в стихотворении «Феноменальная женщина» (1978) Майи Анжелу, в которой поэтесса изображала фантастическую красоту и успех женщины, которую человек вряд ли может себе представить. Исследование предоставляет сравнительные и контентно-качественные методы для описания того, как красота женщины изображается через образный язык, включая анализ образа женщины, применяя критический подход феминисток. Эта статья также включает литературный анализ стихотворения стихотворения «Женщина» Жипары Исабаевой, чтобы обсудить сходства и важные различия в взглядах поэтов на женские проблемы.*

**Ключевые слова:** *Майя Анджелу, феноменальная женщина, американское общество, критический подход феминисток, Жыпара Исабаева, кыргызская женщина.*